ОшМУнун Табият таануу жанагеография факультетинин физколлоиддик, аналитикалык, органикалык химия жана химиялык технологиялар жана жалпы жана органикалык эмес химия, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза кафедраларынын 2019-жылдын 25-майында өткөрүлгөн кеңейтилген кеңешмесинин № 10 протоколунан

**көчүрмө**

**Катышкандар** – 20

**Катышпагандар** –

**Чакырылгандар**–стейкхолдерлер.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Аккредитациялоонун жыйынтыгын талкуулоо, кемчиликтерди жоюу, программаны мындан ары өркүндөтүүгө байланышкан маселелер.
2. Стейкхолдерлердин каалоолорун иштеп чыгуу, окуу процессине киргизүү.

Угулду. Кеңешменин төрайымы, х.и.д., профессор Алтыбаева Д.Т. 1-маселе боюнча төмөнкүлөрдү билдирди: 520100-Химия багыты боюнча магистрлерди даярдоо программасы биричи жолу EdNet агентствосу тарыбынан аккредитациядан өткөн учурда агенттик тарбынан 3-стандартка “Көпчүлүк деңгээлде жооп берет” деген жыйынтыктоочу баа берилген. Кемчиликтер катары “Органикалык бирикмелердин түзүлүшү” дисциплинасынын аталышы конкреттүү эмес жана жумушчу программасындагы берилүүчү материалдар “бакалавр” программасындагы түшүнүктөрдү кайталанып калгандыгы” көрсөтүлгөн. Ушул кемчиликти жоюу үчүн кимде кандай сунуштар бар?

Мырзаева М.Р.-х.и.к., доцент: - Окуу планында каралган “Органикалык бирикмелердин түзүлүшү” жана “Органикалык бирикмелерге анализ” дисциплиналарын бириктирип, “Органикалык бирикмелерди изилдөө” деген дисциплинаны 3-семестрге 2 кредит кылып киргизүүнү сунуштайм.

Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөн окутуучулар жогорудагы маселе боюнча өз ойлорун билдиришти.

Талкуунун аягында “Органикалык бирикмелерди изилдөө” деген дисциплинаны киргизүү сунушталды.

Кеңешменин төрайымы, х.и.д., профессор Алтыбаева Д.Т. 2-маселе боюнча төмөнкүлөрдү билдирди: 520100-Химия багыты боюнча магистрлерди даярдоо программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн компененттүүлүк мамиледе сапатын жогорулатуу, ОшМУ менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, иш берүүчүлөрдү билим берүүнүн сапатын жогорулатуу процессине тартуу, иш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөргө карата “канааттануу” деңгээлин жана болочок кадрларды ишке жайгаштыруудагы көйгөйлүү маселелерди чечүү максатында иш берүүчүлөрдү сурамжылоо жүргүзүлдү. Анын негизинде төмөнкүдөй маалыматтар жыйналды.

*Адахамов Б. (Ош обл. КИКМЖ, Ош шаардык ОАА жана МСАКБ):* Бүгүнкү күндө химияны окутууда компьтердик технологияларды колдонуу окуучуларды сапаттык жаны деңгээлде окутууга мүмкүндүк берет. Мындан сырткары химик-лаборанттын лабораториялык ишмердүүлүгүндө сөзсүз заманбап автоматташкан приборлордо, аппаратураларда иштөөгө туура келет. Ошондуктан химия багытында окуган магистрлердин окуу планына “Компьютерные технологии в химии и образовании” деген дисциплинаны 2-семестрге 2 кредит кылып киргизүү керек.

*Бепиев Э. (Шаардык ветеринардык диагностика жана экспертиза борбору):* Химия багытында билим алып жаткан магистрлер чет тилдерди үйрөнүштөрү керек. Алар чет тилдерди өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө ар тараптуу колдонот:заманбап автоматташкан приборлордо анализ жасоо үчүн ал прибордун паспортун, аны эксплуатациялоонун инструкциясын, усулун окуп үйрөнүшү керек. Ал эми мындай заманбап приборлор сиздерге белгилүү болгондой чет өлкөлөрдөн сатылып келинет. Ошондуктан окуу планына “Иностранный язык в профессональной деятельности” деген дисциплинаны 1-семестрде 2 кредит кылып киргизүүнү сунуштайм.

*Абдуллаева М.Д. т.и.д., профессор:* 520100-Химия багыты боюнча билим алып жаткан магистрлерге буга чейин “Энергиянын калыбына келүү булактары” деген дисциплина киргизилген. Бул предметтин мазмунун кайрадан карап чыгып дисциплинанын аталышын “Энергиянын булактарынын физикалык-химиялык негиздери”деп өзгөртүүнү сунуштайм.

Абдулазизов Т.А.: 520100-химия багыты боюнча билим алып жаткан магистрлердин окуу планына “Химия цветных металлов” деген дисциплинаны 1-семестрге 3 кредит кылып киргизүүнү сунуштайм. Себеби конструкциялык материалдар катары түстүү металлдар жана алардын куймалары колдонулат, алар баалуу эксплуатациялык касиеттерди - коррозияга туруктуулукту, сүрүлүүнүн төмөн коэффициентин, ысыкка туруктуулукту талап кылат. Түстүү металлдардын жана алардын куймаларынын түзүлүшүн, касиеттерин, колдонулушун окуп үйрөнүү менен магистрлер металлдар боюнча алган билимдерин андан ары терендетишет.

**Талкуу:**

Отурумдун жүрүшүндө кафедра мүчөлөрү кызыктар тараптардын суроо-талаптарын, сунуш-пикирлерин угушуп, талкуулашып, жарыш сөзгө чыгышып, төмөнкүдөй токтом кылат:

**Токтом:**

1. Окуу процессине жогорудагы кызыктар тараптардын суроо-талаптары эске алынсын.
2. Окуу планында каралган “Органикалык бирикмелердин түзүлүшү” жана “Органикалык бирикмелерге анализ” дисциплиналарын бириктирип, “Органикалык бирикмелерди изилдөө” дисциплинасы киргизилсин.
3. 520100-химия багыты боюнча магистрлерди окутуунун окуу планына жогорудагы сунушталган дисциплиналар “Химия цветных металлов”, “Компьютерные технологии в химии и образовании”, “Иностранный язык в профессональной деятельности” киргизилсин.
4. “Энергиянын калыбына келүү булактары” дисциплинасынын аталышы “Энергиянын булактарынын физикалык-химиялык негиздери” деп өзгөртүлсүн.

Кенешменин төрайымы х.и.д., профессор: Алтыбаева Д.Т.

Отурумдун катчысы х.и.к., доценттин м.а.: Орозматова Г.Т.